**ТЮМЕНБАЕВА Ч.Д.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун ага окутуучусу*
**ТЮМЕНБАЕВА Ч.Д.**
*Ст.преподаватель. КНУ им.Ж.Баласагына*
**TUMENBAEVA CH.**
*Jusup Balasagyn Kyrgyz national university*

# УНУТУЛГАН УЛУТТУК ОЮНДАР ЖАНА ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН РОЛУ

## Забытые национальные игры в роли этнопедагогики

## Forgotten national games and its ethno pedagogical role

**Аннотация.** Унутта калган улуттук оюндарды, этнопедагогиканын өрнөктүү идеяларын жана салттарын коомдо, үй-бүлөдө, билим берүү мекемелеринде пайдалануу, кайра жаратуунун теориялык жана методикалык негиздерин иштеп чыгуу. Азыркы мезгилде жаш муундарды тарбиялоо процессин жалпы адамзаттын жана нагыз улуттук дөөлөттөрдүн негизинде өркүндөтүү талабын коюу зарыл.
**Урунттуу сөздөр**: элдик тарбия, руханий маданият, адеп-ахлак, акыл жана дене бой маданияты, ден соолук, улуттук оюндар, элдик өнөр, улуттук дөөлөттөр.
**Аннотация.** Применение выдающихся идей и традиций этнопедагогики в обществе, в семье, в учреждениях образования, разработать теоретических и методических основ преобразований. В данное время необходимо ставить требования совершенствования процесс воспитания молодого поколения на основе общечеловеческих и истинно национальных достижений.
**Ключевые слова:** народное воспитание, духовная культура, нравственность, культура ума и телесной культуры, здоровье, национальные игры, народное творчество, народные ценности.
**Annotation.** Application of oulstanding ideas and stadions of etno pedagogy in the society, in the family, in the educational istituhons, to develop the theoretical and methodological foundations of transformation. At this time, it is necessary to put regurements to improve the process of educating the yong generation on the basis of universal and hystenc national achievements.
**Key words:** national education, spiritual culture, moraliny, culture,of mind and the body culture, health, national games, folk art, and national values.

Кыргыз элинин карт тарыхы, бай маданияты, көөнөрбөс салты улуттун кан-жанына синип, канча кылым алмашса да, ааламдашуу доорунда да жоголуп кетпей тургандыгы талашсыз. Буга далил катары үч жолу катары менен өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын сыймыктануу менен айтсак болот. Башкасын айтпаганда да улуттук оюндардын көп түрү, мааниси, мазмуну, максаты, ойнолушу чет өлкөдөн келген меймандардын кызыгуусун арттырбай койгон жок. Түркия мамлекетинде өтө турган кезектеги көчмөндөр оюнуна кыргыз элинин улуттук оюндарынын беш түрүнүн кириши да биздин улут үчүн чон сыймык деп эсептейбиз. Балким келечекте олимпиадалык оюндардын катарына кирип калар, аны мезгил, убакыт көрсөтөр. Ылайым тилегибизге жетели дейли.

Азыркы коммуникациянын шартында окутуу, тарбиялоо процессинде этнопедагогиканы пайдалануу, элементтерин колдонбой элестетүү мүмкүн эмес. Этнопедагогиканын обьектиси элдик педагогикада да өзүнө таандык бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Элдик тарбиянын тамыры элдин тарыхы менен тыгыз байланышта. Этнопедагогиканын илимий-теориялык мааниси менен катар практикалык мааниси да өтө зор. Ал коомчулукту, мугалимдерди, ата-энелерди көп кылымдык сыноодон өткөн педагогикалык акыл-ойлор, тарбиялоонун ийкемдүү, таасирдүү усулдары, жол-жоболору менен куралдандырат, жаш муундарга өзүнүн рухий көрөңгөсүн, нарк-насилин нукура элдик нарк-дөөлөттөр менен байытуу, өркүндөтүү үчүн шам чырак катары кызмат кылат. Ошондой эле этнопедагогикалык изилдөөлөр орчундуу саясий-идеологиялык мааниге да ээ. Жер жүзүндөгү ар бир улут тарыхый тажрыйбалардын негизинде урпактарынын улам алгалап өсүшү үчүн не бир кайталангыс, салттуу маданият түзүүгө умтулуп, рухий маданият чөйрөсүндө өзүн башка бирөөнөн кем баалаган эл болгон эмес.

Жазылган карт тарых ичинде дүйнөнү титиреткен Египет, Ассирия, Эллада, Рим, Византия, татар-монгол, аксак Темирдин империялары урап жок болду. Ал учурдагы Евразияны солкулдатып турган элдер жок болуп, башка элдерге сиңип, азыр тарыхтан гана окуп калабыз. Ал эми кыргыз эли өзүнүн элдик атын, тилин, дилин, көөнөрбөс көркөм дүйнөнү камтыган маданиятын аңдап билген киши ойго салаар орошон ойчулдугун 4000 жылдан бери сактап келатат.

Нечендеген замандар бою элдигин, улуттугун жоготпой келгендиктин себеби эмнеде? Анын себеби биз тээ байыркы бабаларыбыз жаратып, муундан муунга кастарлап өткөрүп келген улуу эпосторубузда, улуттук дөөлөттө, улуттук дөөлөт элдин тилинде, дүйнө таанымында, салтында, наркында, демек, дилинде, көөнөрбөс маданиятында. Улуттук дене тарбия оюндары да элдик маданияттын бир бутагы катары чың, чымыр денеге негиз салуу менен бирге, жаштардын руханий саламаттыгынын да булагы болуп келген.

Кыргыз элинде «салтуу оюндар», «акыл оюндары», «ат оюндары», «кыймыл оюндары», «өспүрүмдөр оюндары», «жаштар оюндары», «кыз оюндары», «спорт оюндары» ж.б. **400гө** жакын улуттук оюндары бар. Мынча сандагы оюндар башка бир да улутта жок. А түгүл азыркы дүйнөлүк спортто да 400 түр жок. Ошондой эле кыргыздын улуттук оюндарын өткөрүү үчүн эч кандай стадиондун, спорт сарайлардын, спорт залдардын, атайын даярдалуучу кымбат баалуу спорттук шаймандардын да кереги жок, талаа-түз болсо болду, ал эми спорттук снаряддарды ошол эле жерден 5 мүнөттө даярдап алса болт. Анын үстүнө алардын көпчүлүгү күнүмдүк тиричиликте колдонуучу буюмдар. Ал оюндар өздөрүнүн түзүлүшү боюнча жылдын мезгилдерине карата жаралып, ар мезгилге өз оюну бар. Демек, жаз-жайына, күз-кышына карабай улуттук оюндар үзгүлтүксүз өтүп келген. Жамгыр көнөктөп төгүп, жер кар борошолоп, бороон болуп атса да ойноло турган упай, тогуз коргоол, коен тебиш өңдүү оюндарды чыгарышкан.

Улуттук оюндар элдик тарбиянын ажырагыс бөлүгү. Оюндар өспүрүмдөрдү элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл-эстүүлүккө, баатырдыкка, чечкиндүүлүккө тарбиялоодо **элдик педагогиканын түбөлүк адатка айланган талабы** болгон. Улуттук оюндарды адамзаттын көп кылымдык маданиятын сактап келаткан кенч катары бааласак болот. Анткени оюндар улуттун материалдык, руханий чыгармачылыктарынын бардык тармактарын камтыйт.

Ата-бабаларыбыз ар кыл татаал кыйынчылыктарга моюн сунбай, аларга туруктуулук, эпчилдик, билгичтик менен каршы тура алчу жарандарды жаратуу үчүн

аларды бала кезинен көндүрүшкөн. Анын негизги жолдорунун бири улуттук оюндар эле. Кыргыздын улуттук оюндарына көз чаптырып көрсөк – ар бир оюндун өз максаты, балдардын, жаштардын кайсы бир касиетинин пайда болушуна, анын өнүгүшүнө шарт түзгөн оюндар.

Азыркы учурда социалдык маселелердин бири - үй-бүлө куру, жөн эле үй-бүлө куруш үчүн эмес, ынтымактуу, бактылуу, түбөлөктүү чакан шаарды куруу актуалдуу. Бул маселени чечүүгө ылайыкташкан **«Ак чөлмөк»** жаштардын оюн-зоогу мисал боло алат. Бир гана жаштар эмес, аларды коштоп келген же болбосо байкоочу катары «женелердин» да ролу чон болгон. Күн батканда ойнолуучу бул оюн жаштардын жакындан таанышуусуна, баарлашууга, сырдашууга, көңүл ачууга ылайыктуу аянтча болуп берген. Ал эми тажрыйбалуу женелер болсо, кайнисине же кайын синдисине жандооч, байкоочу, кенешчи кызматын аткарышкан. Азыр да бул оюн актуалдуу болуп, женелердин ролун жандандыруу, жаштарды тааныштыруу-табыштыруу, өз убагында үй-бүлө куруу маселесине кайдыгер болбой, бардык чөйрөгө жайылтуу учурдун талабы десек болот. Анткени бул маселе бир гана жаштарга тиешелүү эмес.

Мына ошол ар кыл оюндарга кызыктыруу менен балдарды акырындык менен **тарбиялоону** башташкан. Маселен тестиер балдар **«Кан таламай»** оюнун өздөштүрүшкөн соң **«упайга»** өтүшкөн, **«уюм тууду»** оюнунан кийин «тогуз коргоолго» өтүшкөн, **«үч тапан»,«оңко»** оюндарынан кийин **«ордо»** оюнун өздөштүрүшкөн. Мунун өзү жөнөкөйлүктөн татаалдыкка өтүүнүн эң сонун мисалы. Балдардын, жаштардын ар кыл мүчөлөрүнүн өнүгүшүнө себепкер ар түрдүү кызыктуу оюндар болгон. Мисалы **«топ таш», же «чакмак алуу»** оюнунда манжалардын күчү чыңалып, эпчилдик өнүксө, «ат капля», «коен тебиш» оюндарында ич, бел булчуңдары чыңалат. **«Оромпой», «Аркан тартыш» («Ит тартыш»)** оюндарында сан, бут булчуңдарынын чыңалышына өбөлгө түзүлсө, **«Чикит», «Жөө чабыш»** оюндарында өпкөнүн көөп чыгышын, дем алуу процессин жөнгө салуу машыктырылган. Ал эми **«Жылаңач чабышуу»** чыдамкайлыкка үйрөтүүнүн өзү эмеспи.

Ушундай оюндар менен ата-бабабыз билгизбестен ысык-суукка чыдамдуу, чарчап-чаалыгууну билбеген, кыймылы ыкчам, ар нерсенин ыгын тапкан айлакер жарандарды өстүрүүгө шарт түзүшкөн. Ал эми **«Уюм тууду», «Тогуз коргоол», «Ордо»** оюндары аркылуу эсептөөгө, ой жүгүртүүгө үйрөтүшкөн. Бабаларыбыз улуттук оюндар кан тамырдын иштегенин жакшыртаарын, дегени ийилчээкке машыктыраарын жакшы билишкен. Ошон үчүн улуттук оюндарды жүрөгү таза, денеси чың, ой-сезими жогорку инсандарды өстүрүү үчүн пайдаланышкан.

Алгачкы жоокерликке даярдоо ыкмасынын абдан пайдалуусу элдик спорттук оюндар экени атам-замандан эле белгилүү болуп, ал оюндар согушка даярдануунун, машыгуунун каражаты болгон. Көчмөндүк заманда туш тарабың бүт жоо, ошон үчүн жылдын мезгилине карабай күнү-түнү сак-сактап, кылычтын мизи кайралуу, найзанын учу бүлөлүү болуп, аттары тапталуу, өздөрү бапталуу болуу менен бирге коргонуу, чабуул коюу, буктурма сыяктуу тактикалык, жалпы казаттын жүрүшү тууралуу стратегиялык чечимдерди чыгарууга мүмкүнчүлүгү бар акылы зирек, ой калчай билген колбашчылар да болушу керек. Көчмөндөр үчүн зарыл болгон жоокерчиликке жаштарды оюнга кызыктыруу менен билгизбей даярдап келишкен. Ошон үчүн жамбы атмай, найза сайыш, кылыч чапмай, күрөш, көк бөрү, ордо, тогуз коргоол оюндары пайда болгон.

Жамбы атмай, найза сайыш, кылыч чапмай, күрөш оюндары жоокерчиликке алгачкы даярдык экени айтпасак деле көзгө даана көрүнүп турбайбы. Ал эми көк бөрү,

ордо, тогуз коргоолдун жоокерчиликке кандай тиешеси бар деген азыркы учурга жүйөлүү суроо туулушу мүмкүн. Ал суроого жооп төмөнкүдөй.

**Тогуз коргоол** – логикалык жөндөмдүүлүктү, жол тапкычтыкты талап кылган татаал оюн. Бул азыркы тил менен айтканда башкы штабдын карта үстүндөгү согуштук оюну же стратегиялык жүрүштөргө үйрөтүүчү оюн. Оюнчудан акыл калчап ой жүгүртүү менен каршысынын коргоолдорун акырындык менен топтоп, утуп чыгыш керек, демек, жоонун жүздүгүн, миңдигин, түмөндөрүн жок кылуу деген сөз. Баатырлар жеңип чыгуу өнөрүн кан кечкен согуш майданында эле эмес, тогуз коргоол оюну аркылуу да өздөштүрүшкөн. Согуш учурунда майданды толук көрө билүүнү, ой жүгүртүүнү, бирди берип онду алганды үйрөтүшкөн. Тогуз кргоол байыркы көчмөндөрдүн жашоого, айлана-чөйрөгө болгон көз карашынан улап келип чыккан баа жеткис эстелик. Кыргыз эли тогуз коргоол оюнун кылымдардан кылымдарга чейин жоготпой, унутпай сактап келе жатканы биз үчүн бир эсе сыймык, бир эсеп жооптуу. Анткени жаш өспүрүмдөрдүн ден соолугунун чың болушу менен катар, акылдуу болушуна да бабаларыбыз көп кам көрүп ушул оюнду ойноп келишкен. Ошондуктан биз бул оюнду эл арасында үгүттөп, үйрөтүп жана ойноп кийинки муундарга калтырышыбыз парз. Тогуз коргоол оюнунун сак, гун, усундар доорунан бери 3 миң жылдык тарыхы бар. Аны **түрк тилдүү калктардын** арасында кыргыз, өзбек, казак, кытай, каракалпак, түрк, алтай элдери ойношот. «Манас» эпосунда да тогуз коргоол оюну эскерилип,байыртадан эле кыргыз эли ойноп келе жатканы айтылган.

Чүй өрөөнүндөгү Бурана тарых музейинде салмагы 200 кг барабар бетине тогуз коргоол оюну чегилген таш турат. Ал таш Кызыл-Суу өрөөнүндөгү Кашка-Суу айылынан табылып, музейге алып келинген. Ойнолуп олтуруп таштагы үйлөрдүн жетилгенине караганда, бул таштын чегилишине да бир топ кылым болсо керек. Фергана өрөөнү байыркы адамдардан калган эстеликтерди өз ичине камтыйт. Тогуз коргоол оюнунун эрежесин кагаз түрүндө 1900-жылы Мажар (Венгер) элинин окумуштуусу Д.Ж.Алмаши «Путешествие по Центральной Азии» (Будапешт, 1902 г. С.718-722) жазып кеткен.

Тогуз коргоол оюну шахмат менен окшоштугу бар экени жана айырмачылыктары жөнүндө далилдер бар. Тогуз коргоол оюну балдардын математика сабагын өздөштүрүүдө да чоң ролду ойнойт. Балдарды саноого үйрөтүү, жуп-так деген эмне экендигин, математикалык бардык амалдар да (кемитүү, кошуу, бөлүү, көбөйтүү) оюнда колдонулат. Логикалык элементтерди да үйрөтүүгө чоң пайдасы бар. (Чылымов А. 1994).

**Ордо оюну** – кыргыз элинин улуттук оюну экендигин тастыктаган көптөгөн изилдөөлөргө таянсак, бул оюнду кыргыз эли гана ойногондугу маалым. Бул азыркы тил менен айтканда согуштук тактиканын оюн түрүндө өтүшү. Ордо – бул жоокерлери бар хан же түмөн. ар бир чүкө өзүнчө бир отряд. Манас бабабыз баштаган баатырлардын бала кезинен баштап, өмүрүнүн акырына чейин ордо оюнуна кызыкканынын себеби бекеринен болбосо керек. Оюн кыймылдуу оюндардын катарынан орун алган бийик маданияттуу көп нерсени талап кылбаган физика, тарых, алгебра, геометрия, химия жана башка илимдерди ичине камтыган оюн десек болот. «Ордо оюнун» жакшы жакка буруп, ар дайым эл арасындагы ынтымакка, достукка пайдалансак, кыргыз элинин адилеттүүлүгүн, меймандостугун, сабырдуулугун, улуулугун тастыктаган болор элек.

**Көк бөрү** – кылым карыткан оюн. Аны ата-бабаларыбыз аздектеп, сактап, муундан-муунга мурас катары өткөрүп келишкен. Оюндун кыргызча аты «улак тартыш» болсо, кыргыздын «чабандес» деген сөзү фарси тилинде «көк бөрүчү» деген мааниде айтылат экен (К.Карасаев «Камус наама Манас) сөздүгү» 30-б.). Оюн жаштарды түздөн түз согуш

талаасындагы жоокерчиликке үйрөтүү. Ат менен биригип кентаврга айлануу, ыкчам ой жүгүртүүгө, өнөктөрүн сезе билип, алар менен бирге бирдиктүү күч түзүү, бирдиктүү коргонуп, бирдиктүү чабуул коюуга машыгуу. Эр эңиш, тыйын эңмей көк бөрүнүн элементтеринин бири серкени эңүүгө, каршылашынан жулуп алууга үйрөтүү. «Көк бөрү» оюну кыргыз элинин байыртадан келаткан улуу эпосу «Манаста» да эскерилет.

Жоокерчилик заманда элдик оюндар да заманга жараша жоокерчиликтин түрлөрүн көрсөтүү болгон. Жоокерчиликке даярдануу катары «Көк бөрү» улакчынын тайманбастыгын, шамдагайлыгын, эпчилдигин, карандай күчүн, өжөрлүгүн, айлакерлигин талап кылат. Бул сапаттардын бирөө эле жок адамдан жакшы улакчы чыкпайт. Бул сапаттар менен деле куюндай ойногон өктөм, буура сан, таш туяк дулдулдар болбосо, атыккан улакчы деле эч нерсе кыла албайт. Оюнчу менен аты келишсе гана чыгаан улакчы чыгат, кентаврга айланат. Ошондой эле бул оюнда чабуул учурундабы же коргонуудабы, улакчылардын биримдиги, бирин бири айттырбай түшүнө билүүсү, б.а. жамааттык аракет зарыл. Мына ушундай касиеттери менен бул оюн көчмөндөр үчүн өздөрүн бабында, аттарын табында кармап туруудга өбөлгө түзүп, жөн эле кумар кандыруучу оюн эмес, жоого дайыма даяр, камылганлуу туруунун бир ыкмасы болгон. Айта берсек мындай мисалдар көп.

Эми азыркы учурда спорт түрүнө кирген оюндарга токтололу. **«Ат чабыш»,** «**Аламан», «Кунан чабыш», «Жорго салыш»** өтүп эле аткансый, өнүгүп эле аткансыйт. Бирок бул чабыштарда чыныгы кыргыз жылкылары сыналбайт, англис жана орлов тукумундагы аттар сыналат. Чабылган аралык да кыска, анткени алар узак аралыкка чуркай алышпайт. Чыныгы кыргыз тукумундагы жылкылар гана узак аралыкка чыдашат. Андыктан ата-бабаларыбыз ардактап, муундан муунга өткөрүп келишкен калбыр өпкө жез канат, ташка салса тайбаган, тоого салса талбаган, чөлгө салса чаалыкпас кыргыз тукумундагы Камбар-ата тукумун көбөйтүшүбүз зарыл. Кыргыз баласы ат жалында төрөлүп, ат жалында торолуп, ат жалында жан берип келишкен. Алар жоо-жарагын жанына ала жүрүшүп, жашоо тиричилиги ат менен адамдардын биримдигине байланыштуу болуп, ат адамдын жакын досу, канаты катары көрүшүп, атка минген кыргыз эркин куштай учуп калчу.

Биз ата мурасы болгон жамбы атмай, эр сайыш, кылыч чапмай оюндарын жандандырышыбыз керек. Кыргыз элинин улуттук оюндары азыр кай бир дүйнөлүк спортко сиңип кеткенин көрүүгө болот. Мисалы **«эшек секирмей»** оюну учурда спорттук гимнастикада жүрөт. Англичандар биздин **«Ак чөлмөк»** оюнубузду бир аз өзгөртүү аркылуу «Регби» деп атап**, «Урма топ»** менен **«Чикит»** оюндарын бириктирип, бир аз өзгөртүү киргизишип, «Гольф» деп атап, дүйнөгө өз оюндары катары киргизишти. Күрөштүн кээ бир ыкмалары самбого сиңип кеткен. Азыр «**Кыргыз күрөшү»** деген ат менен жүргөн федерациялар чемпионаттарды, турнирлерди өткөрүп келет. Азыр бизде чыныгы кыргыз күрөшүн кайра жаратуу милдети турат. Өзүбүздүн ата мурасын кайра жаратуу, өнүктүрүү, күч органдарынын окуу жайларына сөзсүз түрдө окуу предмети катары киргизүү, бабаларыбыздын арбагын ыраазы кылуу менен өлкөбүздөгү бейпилдикти коргоого салым кошкон болоор элек.

Жыйынтыктап айтканда биздин Кыргызстандын ааламы да чыныгы кыргызчылыкка, элдин салт-санаасына, дөөлөтүнө, маданиятына, улуттук оюндарына дилин коюшкан балдардын деми, чыныгы кыргыздын аң-сезими, кыргыз дили үчүн күрөшүүбүз керек.

**Адабияттар:**

1.Алмаши Д.Ж. Путешествие по Центральной Азии. Будапешт, 1902.
2.Карасаев К. Камус наама Манас сөздүгү. 30-б.
3.Дюйшекеев Т. Искусство илеби. Б.2009
4.Токторбаев С. өспүрүмдөр оюндары. Б.1999, КЭС.